Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмү – Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы гуманитардык табигый илимдер факультетинин окуу-усулдук түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмү “Бакалавр” академиялык баскычы боюнча 580100 “Экономика”, 530500 “Юриспруденция”, 550700 “Педагогика”, “Дене тарбия жана спорт” адистерди даярдоодо окуу процессин үзгүлтүксүз жүргүзүү менен окуу-усулдук, илимий изилдөө жана окуудан тышкары иштерди алып барат.

Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүндө окуу процессин жогорку денгээлде, сапаттуу камсыз кылуу максатында жалпысынан 2 илимдин доктору, 7 илимдин кандидаты, доцент, 12 окутуучу эмгектенет. Бүгүнкү күндө бөлүмдү ф.и.к., доцент Д.Ш. Абдуллаев жетектеп келет.




Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүнүн негизги максаты:

- Жогорку кесиптик билим берүү аркылуу инсанды интеллектуалдык, маданий жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата муктаждыктарын канааттандыруу.

Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүнүн негизги милдеттери:

- Жаштардын илимий, руханий жана чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында окутуунун жаңы технологияларын пайдалануунун заманбап ыкмаларын иштеп чыгуу;
- Профессордук-окутуучулук курамдын окуу-усулдук ишмердүүлүгүн өркүндөтүү;

Бөлүмдүн окутуучулары шаардык жана республикалык, факультеттин, университеттин иш-чараларына, ошону менен бирге регионалдык, республикалык жана эл аралык деңгээлдеги илимий конференцияларга активдүү катышып келет.




Студенттердин илим-билимге болгон кызыгуусун арттыруу максатында студенттердин илимий-практикалык конференциялары жана түрдүү маданий-массалык иш-чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлүп келет.


Ж. Баласагын атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
ГУМАНИТАРДЫК-ТАБИГЫЙ